Айдыңы арткан – "Алтынкен"



**«Алтынкен» ЖЧКсы геологиялык чалгындоо, тоо-кен казып алуу, руданы байытуу жана эритүү, аны кайра иштетүү жана сатуу тармагындагы комплекстүү Эл аралык кыргыз-кытай биргелешкен ишканасы болуп саналат. Компания 2006-жылдын апрель айында түзүлүп, Чүй облусунун Кемин районунун Орловка шаарында жайгашкан. Кытайлык жана кыргызстандык катышуучулардын үлүшүнүн тиешелүүлүгүнө жараша 60% жана 40%. Мындаң сырткары, келишим боюнча компанияда 1000 жумушчу орундун 93%дан ашыгын жергиликтүү адистер ээлейт. «Алтынкен» компаниясы иштетип жаткан Талды-Булак Сол жээк алтын кенинде алтындын запасы боюнча Кыргызстанда үчүнчү орунда турат, алтындын көлөмү 77 тонна, долбоордук кубаттуулугу суткасына 2500 тонна болгондуктан, кайра иштетүү жана 19 жыл эксплуатациялоо мөөнөтү каралган. Долбоор 2015-жылдын июль айында бүткөрүлүп, толук ишке киргизилген. Учурда, бул Кыргыз Республикасындагы экономикалык жактан үнөмдүү экинчи тоо кен долбоору болуп саналат.**

# «Алтынкен» компаниясы тоо-кен тармагын өнүктүрүү жана коомдун жыргалчылыгы үчүн кызмат кылат

**Жыпара ЖЭЭНАЛИЕВА, "Кыргыз Туусу"**

## 2023-жылдын 1-ноябрына карата төлөмдөр боюнча маалымат

| Төлөмдөрдүн түрлөрү (сом менен) | Октябрь 2023-жыл | 2023-жылдын башынан бери жалпы | Иш башталгандан бери бардыгы |
|---|---|---|---|
| Мамлекеттик салык кызматында көрсөтүлгөн салыктар жана жыйымдар | 555 819 685,83 | 4 474 410 901,42 | 18 446 994 341,53 |
| Бажы кызматына салыктар жана жыйымдар | 7 126 150,11 | 88 187 651,96 | 1 016 835 513,79 |
| Социалдык фонд | 21 980 685,00 | 215 824 377,24 | 1 206 800 788,24 |
| Региондорду өнүктүрүү фонддоруна | 35 380 636,13 | 401 011 425,01 | 2 032 735 308,67 |
| «Кеминкелечеги» Фонду | | 128 567 435,00 | 430 053 379,46 |
| Бардыгы | 620 307 157,07 | 5 308 001790,63 | 23 133 419 331,4 |



Учурда компаниянын мамлекетке жана башка кредиторлорго карызы жок.

«Алтынкен» компаниясы 2012-жылдан бери Кемин районунун коомдук турмушуна активдүү катышып келет. Социалдык жоопкерчиликтүү компания катары системалуу түрдө кайрымдуулук иштери менен алектенет. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен тыгыз иштешип, калктын социалдык жактан аялуу катмарына жакындан жардам көрсөтүүдө.

Компания аз камсыз болгон үй-бүлөлөр жана мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардан тышкары «Нурмеаис» балдардын реабилитациялык борборуна жана «Күн шооласы» карылар үйүнө өзгөчө көңүл бурат.

Үстүбүздөгү жылда компания облус боюнча 81 иш-чарага катышып, 15 жолу демөөрчүлүк жардам көрсөтүп, 250 адамды камтыган 8 кайрымдуулук акциясын өткөрдү.

2023-жылы милдеттүү төлөмдөрдөн тышкары, компания демөөрчүлүк жана кайрымдуулук үчүн 26 млн. сомдон ашык каражат бөлгөн.

«Алтынкен» компаниясы мындан ары да үлгүлүү экологиялык жактан таза, заманбап тоо-кен казып алуу ишканасын куруунu, ишкананы, кызматкерлерди жана бүтүндөй коомду гармониялуу өнүктүрүү менен «Тоо-кен тармагын коомдун жыргалчылыгы үчүн өнүктүрүү» деген жалпы концепцияны жайылтмакчы.

Ошондой эле Кыргызстандын экономикасын өнүктүрүүгө жана Кытай Эл Республикасы менен Кыргыз Республикасынын ортосундагы достуту чындоого салымын кошуп, көпүрө боло бермекчи.








